КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**XXVIII чакырылышынын кезексиз №18-сессиясынын**

**2023-жылдын 28-августу , № 90** **Даркан айылы**

**Т О К Т О М У**

**Иязалиев Турардын ысымын көчөгө ыйгаруу жөнүндө**

Даркан айылынын тургундары жаңы айылдын бир көчөсүнө Даркан айылынын тургуну бир кесипте 50 жыл үзүрлүү эмгектенип, эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, “Айыл чарбасынын мыкты кызматкери”, “Кыргыз Республикасынын Ветеринария кызматына эмгек сиңирген кызматкер”, “Жети-Өгүз районунун Ардактуу атуулу” наамдарына татыктуу болгон Иязалиев Турардын наамын ыйгаруу боюнча арыз менен кайрылышкан.

Айыл тургундарынын арызы менен таанышып , талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат;**

1. “Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштары жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467-токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттодон өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун 10-пунктуна ылайык айыл тургундарынын пикирин эске алуу менен жаңы конуштун тургундары Жүзбаев Кубаныч, Дүйшөнбаев Нурлан, Урмамбетов Тынчтык, Шамыркулов Турат, Урдөлөтов Жайлоо жашаган көчөгө эмгектин ардагери Иязалиев Турардын ысымы ыйгарылсын.
2. Иязалиев Турардын ысымы ыйгарылган көчөнү көрктөндүрүү, жашылдандыруу, көчөнүн жолун оңдоп-түзөө ошондой эле көчөдө жайгашткан үйлөргө табличкаларды илүү Иязалиев Турардын балдарына жана тууганларына тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңешинин социалдык жана укуктук маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрагасы Б.Муканбетов